

# Баалоо каражаттар фонду жана аны түзүү

# ДИСЦИПЛИНАНЫН БААЛОО КАРАЖАТТАРЫНЫН ФОНДУН (БКФ) ИШТЕП ЧЫГУУ БОЮНЧА МЕТОДИКАЛЫК КӨРСӨТМӨЛӨР



Баалоо каражаттарын **билим, билгичтик жана көндүмдөр түрүндө туюндурулган дисциплинанын окутуу натыйжаларынын (ОН) жана берилген компетенциялардын негизинде** иштеп чыгуу зарыл. Баалоо каражаттарынын фондуна дисциплинанын окутуу натыйжаларын баалоонун процедуралары жана каражаттары, ошондой эле студенттер үчүн күтүлгүчү натыйжаларга жеткенин же жетпегенин тастыктоого мүмкүндүк берүүчү жекече баалоо каражаттары да кирет.

Баалоо каражаттарынын фондунда төмөнкүлөр камтылат:

• учурдагы текшерүү үчүн баалоо каражаттары жана критерийлери;
• аралык текшерүү үчүн баалоо каражаттары жана критерийлери;
• жыйынтык текшерүү үчүн баалоо каражаттары жана критерийлери;
• СӨАИни текшерүү үчүн баалоо каражаттары жана критерийлери.

Эгер **докладдар, рефераттар, тегерек столдор, диспуттар, текшерүү иштери, тестирлөө ж.б.** баалоо каражаттары катары каралса, анда
алардын темалары, суроолору, текшерүү иштеринин, тесттердин вариантары ж.б., ошондой эле билим берүү программасына толук дал
келген, берилген ырааттуулуктагы окуу программасынын ар бир темасы боюнча текшерүүчү суроолор. Баалоо каражаттары дисциплинанын
бардык темалары (бөлүмдөрү) үчүн түзүлүшү керек.

БКФтин паспорту.

# БААЛОО КАРАЖАТТАРЫНЫН ФОНДУН (БКФ) ИШТЕП ЧЫГУУ




Үйрөнүүчүлөрдүн коюлган **окутуу натыйжаларына** жетишүү даражасы **баалоо каражаттары** менен аныкталат. Баалоо каражаттары студенттердин реалдуу жетишкендиктери күтүлүүчү натыйжаларга канчалык деңгээлде дал келишин көрсөтөт. Ошондуктан **баалоо каражаттарынын фондун (БКФ)** иштеп чыгуу дисциплинанын ОМКсынын милдеттүү бөлүгү болуп саналат.

**Баалоо каражаттары (БК)** – үйрөнүүчүлөрдүн окуу дисциплинасын, окуу материалын, кесиптик модулду өздөштүрүүсүнүн сапатын **аныктоого арналган**, компетенциялардын калыптануусун жана окутуу натыйжаларына жетүүнүн даражасын **өлчөөгө багытталган** текшерүүчү тапшырмалар, ошондой эле формалар жана процедуралар.

Баалоо каражаттарынын болжолдуу тизмеси: коллоквиум **(К)**, тесттер **(Т)**, текшерүү иши **(ТИ)**, долбоор **(Д)**, чыгармачыл тапшырмалар **(ЧТ),** ролдук оюндар **(РО),** тегерек стол **(ТС),** дискуссия, диспут, дебаттар, кейс тапшырма (кейс-стади) **(КС),** интервью **(И)**, доклад, кабар, реферат **(Р),** эссе **(Э),** портфолио **(П),** түрдүү деңгээлдеги тапшырмалар **(ТДТ)**, презентация **(През),** конспект, аннотация **(А)** ж.б.

Ар бир дисциплинанын өзгөчөлүктөрүнө ылайык баалоо каражаттары өзүнчө түзүлөрү эске алынышы керек.

# Баалоонун түрлөрү жана максаттары



**Баа** – бул белги. Студенттин бир күндүк иш аракетин,тесттин, сынактын жыйынтыгын чыгаруу үчүн колдонулган түшүнүк. Баалар сандар (1,2,3,4,5), сөздөр (эң жакшы, абдан жакшы, жакшы, канаттандырарлык, жаман) менен белгиленет. Бааны коюу адатта студенттин билимин **баалоо** деп аталат.

**Баалоо** – бул окуучунун ***окуу жана таанып билүү ишмердүүлүгүнө байкоо жүргүзүү***, ошондой эле ***билим алуунун сапатын жогорулатуу максатында окуучу жөнүндө маалыматтарды баяндоо, жыйноо, каттоо жана чечмелөө процесси.***

Баалоо ***билим берүүнү башкарууда*** өзгөчө орунду ээлеп, ***окутуу, тарбиялоо процессти, педагогикалык ишмердүүлүктү өз убагында туура жолго салууга жана оптималдуу өнүгүүгө*** багыт көрсөтөт. Баалоодо ***кайтарым байланыштын болуусу айрым кемчиликтерди болтурбоого жана чукул кырдаалдын алдын алуусун***а жардам берет.

**Баалоо төмөнкүдөй максаттарда жүргүзүлөт:**

1. Окутуучу баалоонун максатын көрө билиш керек. Жыйынтыкка жетишүүнүн планы эмес, жыйынтыктын өзү бааланышы керек, сабакта окутулбаган, үйрөтүлбөгөн нерселер бааланбайт.
2. Студенттердин көңүлүн окуп – үйрөнүү максатына жана ийгилик критерийлерине буруу;
3. Окутуучунун иш-аракетин ар бир студенттин жекече жетилтүү усулдарын жакшыртууга багыттоо;
4. Студенттердин андан ары окуп-үйрөнүүсү боюнча чечимдерди кабыл алуу үчүн зарыл маалыматты (эмнелерге көңүл буруп, эмнелерди жакшыртуу, түзөтүү, кайсы жагынан көбүрөөк иштөө керектиги жөнүндөгү маалыматты) берип туруу;
5. Студенттердин өзүн-өзү баалоо көндүмүн калыптандыруу;
6. Студент менен туруктуу кайтарым байланыш түзүү;
7. Студентти андан ары максаттуу багытта окуп-үйрөнүүгө кызыктыруу.

**Баалоонун түрлөрү:**

**Тышкы баалоо** (окутуучу өзү баалайт)

**Өз ара баалоо** (студент студентти баалайт)

**Өзүн-өзү баалоо** (студент өзүнүн ишмердүүлүгүн баалайт)

# Баалоонун функциялары жана формалары



**Баалоонун функциялары:**

- **Маалымат берүү** – окуучунун өз ишинин сапаты жана өзүнө карата педагогдун мамилеси жөнүндө маалымат алышына мүмкүндүк берет.
- **Багыт берүүчү** – кемчиликтерди жоюу жолдорун аныктоого мүмкүндүк берет. Мисалы, алган билимди жаңы кырдаалда колдонууга, китеп менен иштөөгө үйрөнүү, жуптарда жана топтордо иштөөнү үйрөнүү.
- **Стимул берүүчү** – баа адилеттүү коюлуп, мугалим баланын билимине гана эмес, анын кандайча билим алгандыгына да баа коюлганда ишке ашат. Бирок «4» жана «5» жеңилдетилген тапшырмалар жана суроолору үчүн эле коюла берсе, анда жакшы баа окуучуларга стимул бербей калат.
- **Көзөмөлдөөчү** – аткарылган иштин көлөмүн жана сапатынын деңгээлин текшерүүгө мүмкүндүк берет.

**Баалоонун формалары:**

- Аңгемелешүү
- Эссе, ж.б. чыгармачыл иштер
- Реферат
- Практикалар, ИИИлер боюнча отчет

Лабораториялык иш

Квалификациялык иштер

Контролдук иштер

Компетенттүүлүккө багытталган тапшырмалар (КБТ)

# Балл топтоонун картасы
# Лекциялык предмет 30 саат 12/18



| Учурдук текшерүү 1 (ТК1) 5 балл | | | Учурдук текшерүү 2 (ТК2) 5 балл | | | Учурдук текшерүү 3 (ТК3) 5 балл | | | Аралык текшерүү (РК1)10 балл | Жыйынтыктоочу текшерүү (ИК) 40 балл |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Лекция | Семинар | СРС 2балл | Лекция | Семинар | СРС 2 балл | Лекция | Семинар | СРС 1 балл | | |
| **2** | **3** | **2** | **2** | **3** | **2** | **2** | **3** | **1** | | |
| **7 балл** | | | **7 балл** | | | **6 балл** | | | **10 балл** | **40 балл** |
| **4 саат** | **6 саат** | **10 саат** | **4 саат** | **6 саат** | **10 саат** | **4 саат** | **6 саат** | **10 саат** | | |
| **Тема 1- Тема 4** | | | **Тема 5-Тема 8** | | | **Тема 9-Тема 12** | | | | |
| | | | | | | | | | | |

# Баалоо каражаттарынын паспорту



| № п/п | Контролируемые разделы дисциплины | Код компетенции | Наименование оценочного средства |
|---|---|---|---|
| | | | |
| | | | |
| | | | |



# Компетенциялардын формулировкасы



| Код компетенции | Формулировка компетенции |
|---|---|
| ОК | **ОБЩЕКУЛЬТУРНЫЕ КОМПЕТЕНЦИИ** |
| ОК-1 | …. |
| ПК | **ПРОФЕССИОНАЛЬНЫЕ КОМПЕТЕНЦИИ** |
| ПК–1 | …. |
| | |

# Көңүл бурганыңыздарга чоң рахмат

